***DOI:10.26104/NNTIK.2023.69.75.037***

***Калдыбаев С.К., Касымалиев М.У.***

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ЗАМАНБАП МУГАЛИМДЕРИН ДАЯРДООНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

***Калдыбаев С.К., Касымалиев М.У.***

# ПРОБЛЕМЫ ПОДГОТОВКИ СОВРЕМЕННЫХ УЧИТЕЛЕЙ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

***S. Kaldybaev, M. Kasymaliev***

# PROBLEMS OF TRAINING A MODERN PRIMARY SCHOOL TEACHERS

*УДК: 371.261*

*Бул илимий макалада башталгыч класстардын мугалимдеринин азыркы мезгилдеги кыйынчылыктары анализге алынып изилденет. Авторлор технологиялык жетишкендиктерге жана окутуунун жаңы методологияларына байланыштуу мугалимдердин өзгөрүп жаткан талаптары талкууга алынат. Макалада окуу пландарын жана окутуу ыкмаларын жаңыртуу, ошондой эле таланттуу мугалимдерди тартуу жана сактап калуу боюнча сунуштар келтирилген. Кыргызстанда акыркы жылдары билим берүүнү жакшыртууга карата иш аракеттер көрүлүүдө. Бул максатта мектептик билим берүүнүн жана жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары кабыл алынган. Бул контекстте педагогикалык билим берүүгө маанилүү орун берилген. Макалада мугалимдерди даярдоого компетенттүүлүк мамилени эффективдүү ишке ашыруунун жолдору сунушталган.Изилдөө башталгыч мектеп менен окутууну жана иштөөнү жакшыртууга кызыкдар академиялык изилдөөчүлөр жана практикалык мугалимдер үчүн пайдалуу болот деп ойлойбуз.*

***Негизги сөздөр**: компетенттүүлүк, түйүндүү компетенциялар, билим берүү, мамлекеттик стандарт, мугалимдерди даярдоо, билим берүү процесси, структурасы.*

*В этой научной статье будут проанализированы и изучены современные проблемы учителей начальной школы. Авторы обсуждают меняющиеся требования учителей, связанные с технологическими достижениями и новыми методологиями обучения. В статье представлены рекомендации по обновлению учебных программ и методов обучения, а также по привлечению и удержанию талантливых учителей. В Кыргызстане в последние годы предпринимаются усилия по улучшению образования. С этой целью были приняты государственные стандарты школьного и высшего образования. В этом контексте педагогическому образованию отводится важное место. В статье представлены способы эффективной реализации компетентностного подхода к подготовке учителей. Мы считаем, что исследование будет полезным для академических исследователей и практических учителей, заинтересованных в улучшении преподавания и работы с начальной школой.*

***Ключевые слова**: компетентность, ключевые компетенции, образование, государственный стандарт, подготовка учителей, образовательный процесс, структура.*

*In this scientific article, modern problems of primary school teachers will be analyzed and studied. The authors discuss the changing demands of teachers related to technological advances and new teaching methodologies. The article presents recommendations on updating curricula and teaching methods, as well as on attracting and retaining talented teachers. In Kyrgyzstan, efforts have been made in recent years to improve education. To this end, State standards of school and higher education were adopted. In this context, pedagogical education is given an important place. The article presents ways to effectively implement the competence-based approach to teacher training. We believe that the study will be useful for academic researchers and practical teachers interested in improving teaching and working with primary schools.*

***Key words:** competence, key competencies, education, state standard, teacher training, educational process, structure.*

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында бир кыйла масштабдуу өзгөрүүлөр болууда. Мындай масштабдуу өзгөрүүнүн негизинде, билим берүүнүн бардык баскычында сапатты камсыз кылуу проблемасы жатат. Билим берүүнүн сапаты бир нече факторлордон көз каранды жана анын ичинде эң негизги фактор болуп – мугалимдин кесиптик чеберчилиги эсептелет. Сапаттуу, кесиптик жактан мыкты даярдалган мугалимдерди даярдоо бул – жогорку окуу жайларынын маанилүү милдеттеринин бири болуп эсептелет. Муну – Кыргыз Республикасында адам ресурсуна негизги басым жасалып атканы деп эсептөөгө болот. Коомдун өнүгүүсү адам ресурсуна байланышкан, канчалык адам кесипкөй болуп даярдалса, ошончолук ал коомду өнүктүрүүгө татыктуу салым кошот. Адам канчалык билгичтикке, компетенттүүлүккө ээ болсо, ошончолук анын коомдун өнүгүүсүнө кошкон салымы жогору болот.

Акыркы жылдары педагогикалык кесипке ээ болууну каалаган жаштардын саны көбөйдү. Жалпы Республикалык тесттен жогорку балл алгандар мугалимдик кесипти тандап алып жаткандыгы, албетте жакшы белги деп эсептөөгө болот. Эгемендүүлүккө болгон жылдардан бери мугалимдик кесипке ээ болууну каалагандардын саны азайып, республиканын жогорку окуу жайларында 20 миңге жакын студенттер педагогикалык кесипте билим алышып, жыл сайын 5 миңге жакын бүтүрүүчүлөр педагогикалык кесипке ээ болуп жатканы менен, мектептерде жылына 3000 ге жакын орун ваканттуу болуп келген болсо, мугалимдин айлык акысы көтөрүлгөндөн баштап, ваканттык орундар кыскара баштады. Азыр мектепте мугалимдик орунга конкурстар орун ала баштады. Кыргыз Республикасынын Президенти дагы мугалимдин кесиптик даярдыгын күчөтүүгө өзгө-

чө көңүл буруу зарыл, мугалимдин квалификациясы окуучуларды тарбиялоого жана аларга билим берүүгө өз таасирин тийгизет деп баса белгиледи. Мындан тышкары, быйылкы жылга билим берүүгө 50млрдга жакын сом бөлүнүп жатышы дагы билим берүүнүн жакшыруусуна, мугалимдин кадыр баркын көтөрүүгө карата маанилүү кадам деп эсептөөгө болот [1].

Мугалим бүгүнкү күндө өсүп келе жаткан жаш муундардын адеп ахлактык жана гумандуулук сапаттарын калыптандырууда, аны менен бирге коомдун өнүгүүсүн камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт. Мугалимдин айлык акысын көтөрүү, албетте жакшы, бирок, андан ары дагы мугалимдин статусун көтөрүүгө алып келе турган чечимдерди кабыл алуу, аны менен кошо, педагогдук кесипке ээ болуучу жаштарды даярдоо маселесин кайра карап чыгуу зарылдыгы пайда болуп жатат.

Бүгүнкү күндө заманбап мугалимге болгон суроо талап күчөдү. Мугалим окуучунун инсандыгын калыптандырат. Инсан деген түшүнүк – өзү татаал түшүнүк. Окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн негизинде анын социалдык, психологиялык, биологиялык, топтолгон тажрыйба сыяктуу бир нече жактары аныкталган [2; 3]. Демек, мугалим окуучунун инсандыгын калыптандырууда ушул касиеттерди кошо калыптандырат. Инсандын социалдык жактарын калыптандырууда мугалим анын дүйнө таанымын, идеалдарын, баалуулуктарын, ишенимдерин калыптандырат. Булар мугалимдин тарбия ишмердүүлүктөрү аркылуу калыптанат. Окуучунун психологиялык касиеттерин калыптандырууда мугалим эң алгач анын окууга болгон көңүл коюусун, ой жүгүртүүсүн, кабыл алуусун, эске тутуусун, оң мотивациясын калыптандырат. Булар мугалимдин жетекчилиги менен окутуу процессинде калыптанат. Окуучунун биологиялык касиеттери (мүнөзү, физикалык өнүгүүсү, ишмердүүлүккө болгон жөндөмдүүлүктөрү) анын шыгы аркылуу жана ишмердүүлүгү аркылуу калыптанат. Ал эми окуучунун тажрыйбасы окуу предметин өздөштүрүү учурунда калыптанат. Мына ушул инсандын маанилүү болгон төрт жагынын үчөөсү түздөн-түз мугалим аркылуу калыптанат. Ошол себептен мугалимдин иш аракети маанилүү жана барктуу экенин унутпоо зарыл. Мугалимдин кадыр-баркынын жогору экенин чет элде сыймыктануу менен белгилешет. XXI кылымда мугалимге болгон сый урмат жогорулаганын, анын ичинде ага болгон талаптар дагы жогорулаганын, мугалимдин аткаруучу милдеттери дагы татаалдаша баштаганын изилдөөлөрдө, эл аралык жана мамлекеттик деңгээлдеги кабыл алынган документтерде баса белгиленүүдө.

1) Бириккен Улуттар уюмунун туруктуу өнүгүү максаттары аттуу документине Кыргызстан дагы кол койгон. Демек, андагы коюлган милдеттер бизге дагы тиешелүү деп эсептөөгө болот. Туруктуу өнүгүүнүн 4-максатында сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу жана бардыгына бүткүл жашоо аралыгында билим алууга мүмкүндүгүн сый урмат менен колдоо керектиги айтылат [4; 5]. Кабыл алынган документте билим алуучулардын функционалдык сабаттуулуктарын калыптандыруу (өздөштүрүлгөн билимдерди ар кандай кырдаалда: окуу, өздүк, кесиптик ж.б. колдоно алуусу) зарылдыгы өзгөчө белгиленген. Демек, окуу жайын бүтүрүүчү мугалимдер, окуучунун тарбиялоо менен катар, коомду өнүктүрүүгө даяр болуусу зарыл. Туруктуу өнүгүүнүн максаттарында көбүнэсе адамдардын жашоо турмушунун жакшырышы тууралуу сөз болот, мисалы, коомдогу социалдык жана экономикалык өзгөрүүлөр баары адамдын керектөөсүн жана умтулууларын канаатандыра тургандай болуусу зарыл. Демек, билим берүү – адамдын жашоосун жакшыртуунун бирден бир шарты деп эсептөөгө болот.

2) Кыргызстанда бир нече стратегиялык документтер кабыл алынды. 2018-2040 жылдарында Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында билим берүүнү өнүктүрүүгө өзгөчө орун берилген [6]. Бул документте, 2040-жылдарда билим берүүнүн бардык деңгээлинин бүтүрүүчүлөрү үчүн коомдо иштей ала турган жана жашай ала турган сапаттар керек болот деп белгиленген. Алардын ичинен маанилүүлөрү төмөнкүлөр:

- ийкемдүүлүк жана адаптивдүүлүк;
- бүткүл жашоо турмушунда окууга, кайра билим алууга жөндөмдүүлүк;
- кызматташтык, (сынчыл көндүмдөр, алар иштин жана окуунун ар кандай аспектилерине биригиши зарыл);
- ой жүгүртүү: чыгармачыл, сынчыл, логикалык ж.б., ошондой эле чыгармачыл жөндөмдүүлүктөр;
- жумушка жоопкерчилик (баарлашуу, этикалуулук ж.б.);
- маалыматтык технологиялар менен иштей билүү;
- көп тилдүүлүк;
- туруктуу өнүгүүнүн принциптерин түшүнүү (бирге жашоо, толеранттуулук).

Санарип Кыргызстан 2019-2023 санариптик трансформациялоо Концепциясында [7] «Акылдуу мектеп» программасын ишке ашыруу маселеси коюлуп, мында дагы мугалимдин ролу белгиленген: мугалимдер ИКТ-компетенциясын өнүктүрүүсү зарыл.

3) Билим берүүнүн мамлекеттик стандартында окутууга компетенттүүлүк мамиле кылуу талабы коюлган [8]. Мында окутуунун натыйжасы алдыңкы орунда турат. Стандартта үч негизги компетенттүүлүк белгиленген: маалыматтык, социалдык-коммуникативдүүлүк, өзүн-өзү уюштуруу жана проблеманы чечүү. Бул дагы мугалимдин кесиптик чеберчилиги-

не таасир этет. Мугалим өзү компетенттүү болуусу зарыл жана бул компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун механизмин толук билиши зарыл. Бул негизги компетенттүүлүккө ээ болуусу үчүн төмөнкүдөй шарттар түзүлүүсү зарыл:

- окуу процессинде окуучунун өз алдынчалуулугун жана жоопкерчилигин өнүктүрүүгө көңүл бурулуусу зарыл;
- сабакта жана сабактан тышкары иштерде долбоордук, изилдөө, социалдык иштер басымдуу колдонулуусу зарыл;
- максатка жетүү үчүн тиешелүү кырдаалдар түзүлүүсү зарыл;
- окуучунун жекече билим алуу траекториясы болуусу керек жана аны улам түзөтүп туруу мүмкүнчүлүгү түзүлүүсү зарыл;
- мектептердин педагогдору компетенттүү болуусу зарыл.

Мугалимдерге коюлуп жаткан талаптар башталгыч класстын мугалдидмерине дагы тиешелүү. Башталгыч класстын мугалимдеринин окутуу методикалары заманбап тенденцияга дал келүүсү зарыл. Билим берүү системасы реформага муктаж деп Кыргыз Республикасынын Президенти маселени коюп жатат. Чынында эле башталгыч класстын мугалимдердин ишмердүүлүгүндө жана аларды даярдоо процессинде проблемалар арбын.

**1.** Башталгыч класстын мугалимдери окуучулардын инсандык сапатын толук кандуу калыптандыруу үчүн шарттарды түзүп гана тим болбостон, өздөрү да жогорку кесипкөй адистер болуп, педагогикалык чеберчиликке ээ болушу керек. Мугалим санариптик технологияны мыкты өздөштүрүп, өз предметинде ийгиликтүү колдоно алышы зарыл. Бул – мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн маанилүү компоненти [9; 10]. Мыкты, кесипкөй мугалимдер иштеген мектептерде сапат жогору. Демек, мугалимдер мектептин кадыр баркын көтөрүшөт. Демек, бул мектеп – мыкты мектеп. Ал эми активдүү иштебеген мектептерде кесиптик даярдыгы начар мугалимдер эмгектенишет. Кыргызстанда мыкты мектептердин саны аз. Демек, жалпысынан мугалимдердин кесиптик чеберчиликтери начар. Чындыгында эле, башталгыч класстын мугалимдеринин дээрлик көпчүлүгү билим берүү стандарты жөнүндө, негизги компетенттүүлүктөр жөнүндө, аларды окуучуларга кантип калыптандыруу зарыл экендиги жөнүндө элестөөлөрү жокко эсе. Дагы деле болсо, окутуунун максатын мугалимдин көз карашынан коюп, мен муну окутам, муну айтып берем, окуучуларга демонстрация кылып берем – деген көз карашты карманган мугалимдер абдан көп.

**2.** Жаңы муундагы мугалимдерди даярдоо педагогикалык билим берүүнү реформалоонун артыкчылыктуу милдети болуп саналат. Бул максатта 2015-жылы педагогикалык билим берүү (бакалавр жана магистр) багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты бекитилген [11]. Анда бүтүрүүчүлөр универсалдуу жана кесиптик компетенттүүлүккө ээ болушу керектиги аныкталган. Демек, ЖОЖдордо келечектеги мугалимдер, анын ичинде башталгыч класстын мугалимдери ушул компетенцияларга ээ болушу керек. Бирок, суроо ачык бойдон калууда – бул компетенцияларды калыптандыруу механизмдери толугу менен ишке ашырылып жатабы? Бул механизмди толук ишке ашыруу үчүн эмне жасалып жатат? Бул боюнча дагы проблемалар чечилген эмес. Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы багыты боюнча окуу пландарына көз жүгүртсөк, андагы окуу курстары жаңы тенденцияларды эске албаганын байкоого болот. Окутулуучу курстар традициялык, алардын мазмуну дагы традициялык, жаңы түшүнүктөр боюнча курстар киргизилген эмес. Мейли, фундаменталдык курстар окутуу процессинде колдонулсун, бирок мазмунун кайра карап чыгуу керек эле. Эски түшүнүктөрдү жаңылар менен алмашып, бир сыйра каралып чыгышы кажет эле.

Аталган проблемаларды чечүүгө карата, биздин оюбузча, бир канча иш аракеттерди көрүү зарыл.

А) Мугалимдин кесиптик чеберчилигин арттыруунун багыттары аныкталышы зарыл. Башталгыч класстын мугалиминин кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун программасын кайра карап чыгуу зарыл. Мисалы, «Окуу керемет!» долбоорунун натыйжасынын негизинде башталгыч класстын мугалимдери үчүн кесиптик жогорулатуу курсун уюштуруп, проектке катышкан эле эмес, калган бардык башталгыч класстын мугалимдерине ушул сыяктуу инновациялык курстарды иштеп чыгып, кесипти жогорулатуу курстарында активдүү колдонуу зарыл.

Б) Башталгыч класста сабак уюштуруунун структурасын кайра карап чыгуу. Башталгыч класстын мугалимдери сабакты традициялык негизде пландаштырат, окутуунун максатын коюп, керектүү каражаттарды аныктап алып, сабакты уюштуруп, үй тапшырма берип, сабакта аракеттенген окуучуларды баалайт. Биздин оюбузча, компетенттүүлүк негизде билим берүүнүн жол жоболорун аткаруу үчүн, сабактын башкача структурасы колдонулууга тийиш:

1. Күтүлүүчү натыйжалар аркылуу максатты аныктоо (натыйжага жетүүнү мүнөздөгөн конкреттүү иш-аракеттерди бөлүп көрсөтүү).
2. Натыйжага жетүү деңгээлин алдын ала аныктоо (өздөштүрүү деңгээли).
3. Бул деңгээлдерге жетүүнү текшерүүгө карата инструментарийлерди даярдап алуу (тесттер, чыгармачылык менен иштөөчү тапшырмалар, портфолио планы ж.б.).
4. Ылайыктуу окуу материалын аныктоо (окуу

китеби, Интернет материалдары, тапшырмалар ж.б.).

5. Окутуунун тиешелүү методдорун, формаларын жана каражаттарын тандоо.

6. Билим берүү процессин уюштуруу.

7. Инструментарийлерди колдонуу аркылуу окутуунун чыныгы натыйжаларынын деңгээлин аныктоо.

8. Натыйжаны анализдөө жана сабакты жакшыртуунун жолдорун аныктоо.

Демек, сабактын натыйжалуулугу башталгыч класстын мугалиминин аткарылуу иш аракеттерди алдын ала так даярдап алуусунан көз каранды.

Эми жогорку окуу жайларында башталгыч класстын мугалимдерин даярдоону жакшыртуунун бир нече иш аракеттерди карап көрөлү.

А) Жогорку окуу жайларында башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодо өтүлүүчү курстардын курамын жана мазмунун кайра карап чыгуу зарыл. Мисалы, көптөгөн жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү билим берүү стандарты менен, компетенттүүлүк мамиле менен, негизги компетенттүүлүктөрдүн маңызы менен таанышпаган бойдон мектепке келип окуу ишмердүүлүктөрүн башташат. Жогорку окуу жайларында мындай түшүнүктөрдү калыптандыруу боюнча курстар окутулган эмес. Ошондуктан ЖОЖдо маалыматтык, социалдык-коммуникативдик компетенцияларды жана өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенцияларын калыптандырууга багытталган, билим берүү стандарттарынын, деги эле мектептин ишмердүүлүгү менен байланышкан нормативдик документтердин маани-маңызын чагылдырган, башталгыч класста окуучулардын билим алуу ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүүчү инновациялык ыкмаларды (мисалы проективдүү технология, портфолио, кейс-технология ж.б.) үйрөтүүчү курстарды иштеп чыгып, колдонуу зарыл [12]. Мындай курстарды иштеп чыгып окуу процессине колдонууну сунуштоодо министрлик тарабынан мамлекеттик компонент, же ЖОЖдук компонент катары сунушталуусу зарыл.

Б) Башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодо активдүү жана интерактивдүү окутуу методдорун кеңири колдонууга болочок мугалимдерге үйрөтүү. Болочок мугалимдерге мындай методдорду үйрөтүүдө жогорку окуу жайларынын окутуучулары атайын тренингдерди, топтук иштердин механизмдерин иштеп чыгуусу жана окутуу процессинде колдонуусу зарыл.

В) Башталгыч класстын болочок мугалимдери чыгармачыл элементтери бар кырдаалдык тапшырмалар менен иштөөгө каныгуусу зарыл. Алар мындай тапшырмаларды иштеп чыгууга жана колдонууга жөндөмдүү болушу керек. Ар бир адам кандайдыр бир жеке иш-аракеттерди жасоо үчүн, иш жүзүндө сынаган, реалдуу көйгөйлөрдү чечүүгө колдонгон билимди эсинде эң жакшы сактап калат. Кырдаалдык тапшырмалар изилденип жаткан курстун темасына байланыштуу предметтик теориялык билимдерди активдештирет, мындай тапшырмалар бул билимдерди болочок мугалимдин келечектеги кесиптик кырдаалына алып келет, конкреттүү кесиптик маселелерди чечүүнү үйрөнүүгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле окуу китептери турмуштук көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган тапшырмаларга бай болушу керек [14].

Г) Компетенттүүлүккө негизделген стандарттарды өздөштүрүү үчүн окутууну уюштуруунун формалары өзгөрөт. Долбоорлоо жана изилдөө иштерин камтыган окутуу технологиялары кеңири колдонулат. Долбоорлоо иш-аракеттери окуучу үчүн маанилүү болгон көйгөйдү чечүү максатында колдонулат жана окуучулардын өз алдынча иш-аракеттерине багытталган болот. Долбоор окуучуларга ар кандай маалыматтарды колдонуп, өз билимдерин өз алдынча курууга багытталган көндүмдөрдү өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет, когнитивдик көндүмдөрдү жана социалдык компетенттүүлүктү өнүктүрөт. Ошондуктан, окуу жайдын ичинде келечектеги мугалим боло турган студент долбоордук окутуу технологиясы менен иштөөнү үйрөнүшү керек.

**3.** Баланын жеке өсүшү, анын алга жылышы инсандык өзгөрүүлөрдү каттай турган таптакыр башкача, өзгөчө жол менен бааланышы керек. Бул жерде окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүү үчүн эң натыйжалуу технология портфолио болуп саналат. ЖОЖдордун билим берүү процессинде болочок мугалимдердин окуу портфолиосу менен иштөө көндүмдөрүн калыптандыруу боюнча атайын курстар окутулушу керек [13].

Бүгүнкү күндө кыргыз коомчулугу кесипкөй мугалимге муктаж. Баарынан мурда балдардын психикасына – алардын акылына жана аң-сезимине, эмоцияларына жана эркине, элестетүүсүнө жана ой жүгүртүүсүнө, руханиятына жана адеп-ахлагына таасир этүү жөндөмдүүлүгү аркылуу заманбап мугалимдин кесипкөйлүгү аныкталат.

Изилдөөчүлөрдүн жана методисттердин пикири боюнча, ар бир мугалим ар тараптан өнүккөн болушу керек жана өзүндө кесиптик – педагогикалык компетенттүүлүктү жана руханий – адеп-ахлактык жетилгендикти камтышы керек.

Көрүнүп тургандай, билим берүү системасынын негизги милдети – окуучунун инсандыгын калыптандырууга жана ошол эле учурда өзүн өзү өркүндөтүүгө жөндөмдүү мугалимди даярдоо.

**Адабияттар:**


1. Президент Садыр Жапаров: «Профессиональной подготовке учителей необходимо уделить особое внимание» [Эл. ресурс]. - Режим доступа: https://edu.gov.kg/posts/1377/
2. Ерецкий М.И., Пороцкий Э.С. Проверка знаний, умений и навыков. – М., 1978. – 175 с.
3. Калдыбаев С.К. Педагогические измерения: становление и развитие. – Бишкек, 2008. – 208 с.
4. Цель 4: Обеспечение всеохватного и справедливого качественного образования и поощрение возможности обучения на протяжении всей жизни для всех [Электронный ресурс]. - Режим доступа: http://www.un.org/ sustainabledevelopment/ru/issues/people/education/
5. Калдыбаев С., Бойко Е. Реализация повестки дня в области устойчивого развития на период до 2030 года // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2018. – № 1. – С. 52-58.
6. 2018-2040-жылдарда Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы. – Бишкек, 2018. – 150 б.
7. «Санарип Кыргызстан 2019-2023» санариптик трансформациянын концепциясы. – Бишкек, 2018. – 23 б.
8. Кыргыз Республикасында мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты [Электрондук ресурс]. https://kao.kg/wp-content/uploads/2022/08.
9. Курамаева Т.А., Калдыбаев С.К. Билим берүүнү санариптештирүү шартындагы педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүнүн ролу // Alatoo Academic Studies. - Б., 2020. - №2. - С. 15-26.
10. Калдыбаев С., Онгарбаева А. Вопросы создания электронных образовательных ресурсов // Alatoo Academic Studies. - Б., 2018. - № 1. - С. 44-51.
11. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по направлению «Педагогическое образование» - бакалавриат и магистратура. – Б., 2015. – 350 с.
12. Калдыбаев С.К., Касымалиев М.У. Орто мектептин билим берүүчү информациялык чөйрөсү жана анын билим сапатын башкаруудагы ролу. // Вестник Кыргызского государственного университета строительства, транспорта и архитектуры им. Н. Исанова. 2022. - №1 (75). - С. 135-143.
13. Касымалиев М.У., Калдыбаев С.К. Жалпы билим берүүчү мектептин билим берүү процессиндеги информациялык-коммуникациялык технологиялар // Alatoo Academic Studies. 2021. № 3. С. 92-101.
14. Касымалиев М.У., Калдыбаев С.К. Жалпы билим берүүчү орто мектептердин информациялык билим берүү чөйрөсүнүн түзүлүшү, калыптануу принциптери // Вестник Кыргызского государственного университета имени И.Арабаева. 2021. № 2. С. 48-53.
15. Калдыбаев С.К., Садиева М.Э. Важность формирования и применения жизненных и практических задач в обучении математики. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 5-2. С. 180-182.